## “25 жыл бирге - утуп алууга 5 миллион себеп!” акциясынын эрежелери жана шарттары

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул эрежелер “Кыргыз инвестициялык-кредит банкы” жабык акционердик коому (мындан ары текст боюнча Банк) жана өнөктөшү Visa эл аралык төлөм системасы тарабынан “25 жыл бирге - утуп алууга 5 миллион себеп!” биргелешкен акциясын (мындан ары – Акция) өткөрүүнү жөнгө салат.

1.2. Ушул эрежелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыккан.

1.3. Акция ушул эрежелерде камтылган айкын оферта шарттарында өткөрүлүүчү маркетингдик иш-чара болуп саналат.

1.4. Акцияны уюштуруучу болуп Банк саналат. VISA эл аралык төлөм системасы Банк менен макулдашылган иш-чаралардын алкагында Акциянын өнөктөшү катары чыгат.

### 2. Терминдер жана аныктамалар

2.1. **Акция –** ушул Эрежелерде белгиленген тартипте жана шарттарда Банк тарабынан Кардарлар үчүн өткөрүлүүчү “KICBден Visa” акциясы.

2.2. **Банк (KICB)** – “Кыргыз инвестициялык-кредит банкы” жабык акционердик коому, КРУБдун №046 лицензиясы, юридикалык дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бул., 21.

2.3. **Акциянын катышуучусу** – 18 жашка толгон, Кыргыз Республикасынын жараны жана VISA KICB картасынын ээси болгон, ушул Эрежелердин талаптарына ылайык келген, товарларды, жумуштарды же кызматтарды сатып алуу боюнча накталай эмес операция жүргүзгөн жеке адам**.**

2.4. **Жеңүүчү -** ушул Эрежелердин 5-бөлүмүндө көрсөтүлгөн тартипте жеңүүчү деп таануу үчүн жетиштүү болгондой, Акциянын Эрежелерин жана шарттарын толук аткарган Акциянын Катышуучусу.

2.5. **Сатып алуу** – бул QR боюнча төлөмдөн, которуулардан, накталай акча каражаттарын алуу боюнча операциялардан жана товарларга, жумуштарга же кызматтарга төлөө болуп саналбаган операциялардан тышкары, электрондук коммерция (E-com) жана Банктын жана башка банктардын POS-терминалдары аркылуу төлөм Карталарын пайдалануу менен товарларга, жумуштарга жана кызматтарга төлөө боюнча накталай эмес операция.

2.6. **KICB MT** – бул мобилдик түзмөк аркылуу банктык эсептердеги акча каражаттарын тескөө боюнча Кардарга банктык кызматтарды көрсөтүү үчүн арналган, программалык-техникалык каражаттардын жана уюштуруучулук иш-чаралардын системасы.

2.7. **VISA KICB ЭТС картасы** – VISA Business картасынан тышкары, KGS же USD валютасында жеке жакка Банк тарабынан чыгарылган, VISA эл аралык төлөм системасынын төлөм картасы (VISA картасы).

2.8. **Эске алынуучу сатып алуу** – тиешелүү этапта жүргүзүлгөн жана ушул Эрежелерге ылайык эсептен алынбаган, 2 500 (эки миң беш жүз) сомдон же бул сумманын эквивалентинен кем эмес суммага сатып алуу.

### 3. Акциянын шарттары

3.1. Акция жөнүндө толук маалыматтын жана бардык катышуу эрежелеринин булагы Банктын www.kicb.net расмий сайты (мындан ары – “Сайт”) болуп саналат.

3.2. Акцияны өткөрүү мезгили: 2026-жылдын 20-апрелинен 2026-жылдын 30-сентябрына чейин кошо алганда, Жеңүүчүлөрдү аныктоо, кайрылуулардын кароо жана жеңүүчүлөргө акчалай сыйлыктарды берүү мөөнөттөрүн эсепке алуусуз.

3.3. Акцияга катышуу үчүн катышуучу Акцияны өткөрүү мезгилинде 2 500 KGS жогору суммада Visa картасы менен сатып алууларды жүргүзүшү керек.

3.4. Акция 5 (беш) орто аралык этапта жана 4 (төрт) негизги этапта өткөрүлөт, алардын ар бири өзүнчө каралат. №5 кошумча орто аралык этап негизги этап менен коштолбойт

- №1 орто аралык этап: 2026-ж. 20-апрелинен 20-майына чейин кошо алганда;
- №2 орто аралык этап: 2026-ж. 21-майынан 20-июнуна чейин кошо алганда;
- №3 орто аралык этап: 2026-ж. 21-июнунан 20-июлуна чейин кошо алганда;
- №4 орто аралык этап: 2026-ж. 21-июлунан 20-августуна чейин кошо алганда;
- №5 орто аралык этап: 2026-ж. 21-августунан 30-сентябрына чейин кошо алганда;
- №1 негизги этап: 2026-ж. 20-апрелинен 20-майына чейин кошо алганда;
- №2 негизги этап: 2026-ж. 21-майынан 20-июнуна чейин кошо алганда;
- №3 негизги этап: 2026-ж. 21-июнунан 20-июлуна чейин кошо алганда;
- №4 негизги этап: 2026-ж. 21-июлунан 20-августуна чейин кошо алганда;

3.5. Акциянын алкагында сый акылардын төмөнкү түрлөрү каралган;

- Негизги жана орто аралык этаптардын Жеңүүчүлөрүнө акчалай сыйлыктар.

3.6. Акциянын катышуучулары болуп 18 жашка толгон, Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар жана Акцияга катышуу үчүн зарыл шарттарды аткарган бардык жеке жактар саналат.

3.7. Банктын кызматкерлеринин жана Visa эл аралык төлөм системасынын кызматкерлеринин, ошондой эле алар менен аффилирленген адамдардын Акцияга катышуусуна жол берилбейт.

3.8. Акцияга катышуу үчүн Акциянын катышуучусу Акцияны өткөрүүнүн бардык мезгилинде VISA картасы менен сатып алууларды жүргүзүшү керек. Эсепке алынуучу бир (1) Сатып алуунун минималдуу суммасы 2 500 (эки миң беш жүз) сомду түзөт.

3.9. 2026-жылдын 20-апрелинде саат 00:00гө чейин жана 2026-жылдын 30-сентябрында саат 23:59дан кийин жасалган сатып алуулар эсепке алынбайт.

3.10. Жыйынтыктарды чыгарган күнгө чейин товарлар, кызматтар толук же жарым-жартылай кайтарылган же операция жокко чыгарылган сатып алуулар эсепке алынбайт. Эгерде кайтаруу байгени төлөгөндөн кийин таризделсе жана Акциянын шарттарын аткарбоого алып келсе, Банк жаңылыш төлөнгөн сый акыны мыйзамдарда белгиленген тартипте кайтарууну талап кылууга укуктуу.

3.11. Бир соода түйүнүндө 120 (жүз жыйырма) мүнөттүн ичинде жасалган сатып алуулар бир Сатып алуу катары эсептелет.

3.12. Акцияны өткөрүүнүн бардык мезгилинде бир эле соода түйүнүндө жасалган сатып алуулар (башка соода түйүндөрүндө сатып алуулар жок болгон учурда) эсепке алынбайт.

3.13. Акцияга Visa Business картасынын ээлеринен тышкары, KGS жана USD валюталарында ачылган, Visa карталарынын ээлери болуп саналган, бардык кардарлар катыша алышат.

3.14. USD менен ачылган карталар боюнча жыйынтыктарды эсептөө жыйынтыктарды чыгарган күндөгү КРУБдун расмий курсу боюнча улуттук валютага конвертациялоо аркылуу жүргүзүлөт. Сый акынын өлчөмү сом менен көрсөтүлөт; USD менен эсепке которууда конвертациялоо Банк тарабынан белгиленген тийиштүү операция үчүн чегерүү күнүндөгү курсу боюнча жүргүзүлөт.

3.15. Бир орто аралык этаптын ичинде жүргүзүлгөн сатып алуулар кийинки орто аралык этаптарга жылдырылбайт. №1-4 этаптардагы сатып алуулар тийиштүү негизги этаптардын Жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн эсепке алынат. №5 орто аралык этаптагы сатып алуулар негизги этаптардын Жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн эсепке алынбайт.

## 4. Сый акылар

4.1. Орто аралык жана негизги этаптардын жеңүүчүлөрүн сыйлоо төмөнкү схема боюнча жүргүзүлөт:

| Орто аралык этаптын № | Саны | Акчалай сыйлыктын өлчөмү, сом |
|---|---|---|
| 1 | 25 | 10 000 (250 000) KGS |
| 2 | 25 | 10 000 (250 000) KGS |
| 3 | 25 | 10 000 (250 000) KGS |
| 4 | 25 | 10 000 (250 000) KGS |
| 5 | 25 | 10 000 (250 000) KGS |

| Негизги этаптын № | Саны | Акчалай сыйлыктын өлчөмү, сом |
|---|---|---|
| 1 | 1 | 1000 000 KGS |
| 2 | 1 | 1000 000 KGS |
| 3 | 1 | 1000 000 KGS |
| 4 | 1 | 1000 000 KGS |

4.2. Ушул Акциянын алкагында орто аралык этаптар боюнча акчалай сыйлыктарды жана башкы байгени алууга байланыштуу бардык салыктар Банк тарабынан төлөнөт.

## 5. Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби

5.1. Акциянын орто аралык жана негизги этаптарынын жыйынтыктарын чыгаруу тиешелүү этап аяктаган учурдан тартып 20 (жыйырма) календардык күндөн кеч эмес жүргүзүлөт.

5.2. **Орто аралык этап:** Ар бир орто аралык этаптын жеңүүчүлөрү катары 2 500 сомдон кем эмес суммада сатып алууларды жүргүзгөн 25 (жыйырма беш) Катышуучу таанылат. Бул шартты аткарган ар бир жыйырма бешинчи Катышуучу этаптын жеңүүчүсү болот.

5.3. Бир орто аралык этаптын жеңүүчүсү болгон катышуучу башка орто аралык этаптын жеңүүчүлөрүнүн катарынан чыгарылат, бирок негизги этапта катыша алат.

5.4. **Негизги этап:** Акциянын негизги этабынын жеңүүчүсү болуп транзакцияны жүргүзүү убактысы боюнча бешинчи болуп шарттарды аткарууга жетишкен Катышуучу таанылат: VISA картасы боюнча ар бири 2 500 KGS жогору суммадагы 25тен кем эмес сатып алуу, мында негизги этаптын мезгилинде сатып алуулардын жалпы көлөмү 1 000 000 KGS кем эмес түзөт.

5.5. Бир орто аралык этаптын жеңүүчүсү болгон катышуучу акциянын кийинки орто аралык жана негизги этаптарына катыша албайт.

5.6. Эгерде бир эле катышуучу орто аралык жана негизги этаптардын жеңүүчүсү болуп калса, катышуучу бир гана негизги этаптын жеңүүчүсү болот, мында орто аралык этаптагы утуш жокко чыгарылат. Негизги жана орто аралык этаптардын шарттары бир эле учурда аткарылса, негизги сый акы артыкчылыкка ээ болот, ал эми орто аралык сый акы эрежелерге ылайык кийинки катышуучуга өтөт. №1-4 негизги этаптардын жеңүүчүлөрү №5 орто аралык этапты аныктоого катышышпайт.

5.7. 4 негизги жана 4 орто аралык этаптардын жеңүүчүлөрүн сыйлоо Акциянын негизги этабынын жеңүүчүсү аныкталгандан кийин Банктын аймагында өткөрүлөт. Сыйлоонун так дарегин, ордун жана күнүн Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары чыгарылгандан кийин 5 (беш) жумуш күндүн ичинде Банктын расмий телефон номери 8787 аркылуу чалып билдирет.

5.8. Акциянын №5 орто аралык этабынын жеңүүчүлөрү аны менен түздөн-түз сатып алуу жүргүзүлгөн Visa карта эсебине акча каражаттарын чегерүү аркылуу акчалай сый акыны алышат. Чегерүү орто аралык этабынын аяктоо жыйынтыктары боюнча 20 (жыйырма) жумуш күндүн ичинде ишке ашырылат. Буга кошумча KICB мобилдик тиркемесине акчалай сый акыны алуу жөнүндө пуш-билдирүү жөнөтүлөт.

5.9. Жеңүүчүлөр сыйлоо ордуна жана кайра артка жол акыны төлөө боюнча бардык чыгымдарды толук өзүнө алышат. Бул чыгымдар эч кандай жагдайларда Банкка жүктөлбөйт.

5.10. Акциянын жеңүүчүлөрүнө 3 (үч) календардык күндүн ичинде 3 (үч) жолудан кем эмес чалынат. Чалууга жооп бербеген, абоненттик номери жеткиликтүү болбогон (жеңүүчүнүн мобилдик телефону өчүрүлгөн, байланыш тармагынын тейлөө аймагынан тышкары турат ж.б.) учур Банктын кошумча үн чалууларын жасашына негиз болуп саналбайт.

5.11. Эгерде байланыш маалыматын бербегендиктен же туура эмес бергендиктен, же 5.10-пунктка ылайык башка себептерден улам, Акциянын негизги жана орто аралык этабынын жеңүүчүсү менен байланышууга мүмкүн болбосо, анда байгени алуу укугу жеңүүчүдөн кийинки Катышуучуга өтөт.

5.12. Акциянын негизги этаптарынын жеңүүчүлөрүнө байгелер расмий сыйлоо аземинде тапшырылат. Байгени алуу үчүн жеңүүчү катышуучунун маалыматтарынын дал келүүсүн тастыктоо максатында жарактуу өздүгүн тастыктаган документин көрсөтүүгө милдеттүү.

5.13. Акциянын жеңүүчүлөрү аны менен сатып алууга төлөнгөн VISA картасына каражаттарды чегерүү аркылуу акчалай сый акыны алышат. Чегерүү жеңүүчүлөрдү расмий сыйлоо аземинен кийин 3 (үч) календардык күн ичинде жүргүзүлөт. Эгерде жеңүүчүдө VISA картасы USD валютасында болсо, картага сый акыны чегерүү сый акыны чегерүү күнүнө карата КРУБдун расмий курсу боюнча КР улуттук валютасына конвертациялоо аркылуу жүргүзүлөт.

## 6. Укуктары

6.1. Катышуучу укуктуу:

6.2. Ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн көлөмдө жана тартипте Акция жөнүндө маалыматты алууга;

6.3. Ушул Эрежелерге ылайык сый акы алууга;

6.4. Акцияга катышуу фактысы катышуучунун ушул Эрежелер жана шарттар менен таанышканын жана аларга толук макул экенин тастыктайт;

6.5. Акцияга катышуу фактысы катышуучунун анын жеке маалыматтарын, анын ичинде аты-жөнүн, байгелүү ордун, байгенин аталышын жана Акциянын жыйынтыктарын сыйлык тапшыруу аземинен алынган фотосүрөттөрдү социалдык жана ачык булактарга жайылтуу жана маалымдоо максатында иштеп чыгууга жана пайдаланууга макулдугу катары каралат.

## 7. Милдеттери

7.1. Банк ушул Эрежелерге жана шарттарга ылайык Акцияны өткөрүүгө жана катышуучуга сый акы берүүгө милдеттенет.

7.2. Банк каалаган убакта өзүнүн кароосу боюнча Акциянын Эрежелерине жана шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Акцияны өткөрүүнү узартуу, токтотуу жөнүндө, ошондой эле анын Эрежелерине жана шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маалымат Банктын сайтында жайгаштырылат.

7.3. Банк Акциянын жыйынтыктарына байланыштуу кайрылууларды жана талаш-тартыштарды жыйынтык чыгарылган күндөн тартып 5 (беш) календардык күндүн ичинде кабыл алат. Көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин келип түшкөн кайрылуулар каралбайт. Акциянын башка катышуучуларынын катышуусунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат купуя болуп саналат жана үчүнчү жактарга берилбейт.

## 8. Корутунду жоболор

8.1. Эрежелердин ушул редакциясы 2026-жылдын 21-августунда күчүнө кирет.

8.2. Ушул редакция күчүнө киргенге чейин аяктаган этаптардын жыйынтыктары күчүндө калат.

8.3. Ушул Эрежелер менен түз жөнгө салынбаган бардык учурда Банк жана Катышуучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алышат.